**КОЧКОР РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ К. АКНАЗАРОВ ОРТО МЕКТЕБИ**

722817, Нарын областы, Кочкор району,
Чолпон айылы Шакиралы көч. 20,
тел/мобл: 0709110861
korchubek.aknasarov@gmail.com
ИИН 02712199510735
ОКПО 20636993

**КОЧКОРСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ К. АКНАЗАРОВА**

722817, Нарынская область, Кочкорский район,
с.Чолпон ул. Шакиралы 20,
тел/мобл: 0709110861
korchubek.aknasarov@gmail.com
ИИН 02712199510735
ОКПО 20636993

___22___ ___01___ 2021-ж
№ ___3___

22-январь 2021-жыл Чолпон айылы

2020-2021-окуу жылына карата өткөрүлгөн кезектеги № III педагогикалык кеңештин

## ПРОТОКОЛУ

Пед. кеңештин төрагасы: Айдаркулов Р.
Катчысы: Туратбек кызы М.

Катышкандар: 45
Чакырылгандар:-

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 2020-2021-окуу жылынын 2-чейрегинин жыйынтыктары боюнча жана окуу тарбия иштеринин абалы боюнча – окуу бөлүмүнүн башчысы: Алдашова Жылдыздын баяндамасы.
2. Түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүнүн жобосун бекитүү боюнча– окуу бөлүмүнүн башчысы: Алдашова Жылдыздын баяндамасы.
3. Класс жетекчилердин, тарбия иштеринин абалы боюнча – тарбия иштеринин уюштуруучусу Жумалы уулу Адилдин баяндамасы.
4. Мектеп администрациясынын жана класс жетекчилердин дежурство жүргүзүүсүнүн жобосун бекитүү боюнча–директор Айдаркулов Рысбектин баяндамасы.

**Угулду:**

Баяндамачы –окуу бөлүмүнүн башчысы Алдашова Жылдыз өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. 2-чейректин жыйынтыгы менен окуучулардын саны 617 окуучу бар экендигин айтып жалпы мектептин билим сапаты 44% түзгөндүгүн 1-чейректе 46% көрсөткүч менен аяктагандыгын 2-чейректе 1-чейрекке салыштырмалуу 2% төмөн түшүп кеткендигин айтып өттү. Башталгыч класстардын 1-чейректе 56% көрсөткүч берсе, 2-чейректе 57% ды түзгөндүгүн, 5-9-класстар арасында 1-чейректе 43% көрсөткүч берсе, 2-чейректе 37% ды түзгөндүгүн. 10-11-класстардыкы 1-чейректе 29% болсо 2-чейректе 33% көрсөткүч менен 2-чейрек жыйынтыкталгандыгын билдирди.2-чейректин жүрүшүндө ачык сабактардын өтүлүшү тууралуу маалымат берилип мектепте окуучулар дистанттык формада окуп жаткандыгына байланыштуу, усулдук бирикмелердин декадаларынын ачык сабактарын ар бир мугалим предметине ылайык видео сабактарды даярдагандыгын. Ноябрдын 11-13 чейин “Тилдер” усулдук бирикмесинин декадасы болуп, декаданын жүршүндө 5 видео сабак даярдалып көрсөтүлгөндүгүн. Алардын ичинен Сарбаева Бүбүра 6-класстарга кыргыз адабиятынан Тайлак баатыр-деген темада видео сабак даярдагандыгын Кожомкулова Жумакан 6-класстарга кыргыз

тили сабагынан “Фразеологизимдер” деген темада видео сабак даярдагандыгын, Ишенбаева Назгүл 7-класстарга кыргыз тили сабагынан “Орун тактооч” деген темада видео сабак, Сатыбалдиева Гүлнур 6-класстарга англис тили предметинен Акунова Айжан 7-класстарга англис тили сабагынан видео сабак даярдагандыгын айтып Дүйшөнбек уулу Жакшылык видео сабак жазабагандыгын айтты. 17-ноябрдан 20-ноябрга чейин “Искуство” усулдук бирикмесинин декадасында 5 видео сабак даярдалып көрсөтүлгөндүгүн Жамангулова Асел 7-класска орус адабиятынан А. Пушкиндин “Няне” чыгармасын, Туратбек кызы Махабат кыргыз тили сабагынан “Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Мезгил тактооч” деген темада , Кенжеш кызы Жылдыз орус тили сабагынан “Почему спросили солнце и луна”, Макмутова Гүлнара кыргыз тили предметинен “Кыска жана созулма үндүүлөр” Касымова Мээрим музыка предметинен “Темир ооз комузчулар А. Байбатыров, Т. Тыныбеков” деген темада видео сабактарды жасап өтүшкөндүгүнө токтолду. “Математика” усулдук бирикмесинен ноябрь айында 2 видео сабак даярдалып өтүлгөндүгүн Сыдыкова Фатима математика предметинен “Бир мүчө жана анын стандарттык түрү”, Калиева Сайнап “Көбөйтүндүнү жана даражаны даражага көтөрүү” деген темада сабактар даярдалып өтүлгөндүгүн жана Чолпонбек уулу Ренат видео сабак жазап көрсөтпөгөндүгүн айтып өттү. “Социалдык” усулдук бирикмесинде Сыдыкова Галия тарых предметинен “Жүз жылдык согуш. Англия жана Франция 14-15-кылымдар” Токторбаева Мунара “Кытай 17-кылымдын аягы 19-кылымдын башында” деген темада видео сабак даярдалып өтүлгөндүгүн айтты жана “Табигый илимдер” усулдук бирикмесинен 4 видео сабак даярдалып көрсөтүлгөндүгүн баяндап география предметинин мугалими Чолпонкул уулу Нурадил видео сабак жазап өтпөгөндүгүн айтып өттү. Жалпысынан алганда онлайн окууга карабастан мугалимдер өзүлөрүнүн иштерин жакшы, жоопкерчилик менен аткарганын билдирди.

Баяндамачы- Жумалы уулу Адыл өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолду. 2-чейректе окуучулар онлайн сабакка катышуусу абдан начарлап кетти эми салттуу түрдө окуп калсак урматтуу класс жетекчилер классыныздарга тыкыз көзөмөл салуусун, себеби коңшу айыл Ара – Колго окуучулар муз ойногону барып жатышкандыгын ал жакка башка жактан да жарандар келип кеткендиктен оору болсо дагы деле басыла элек экендигин андыктан ата-энелер менен байланышта болуп түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсн айтып. Андан тышкары да коңшу айылдын балдары менен ошол жактан урушуп кетен учурлары да катталып жаткандыгын, бардык иштердин алдын алышыбыз керек экендигин билдирди. Салттуу окуу башталып калса окуучулар күндөлүктөрүн окуп баштаган күндөн тардып ачып толтуруп баштаарын ошол себептен окуучуларга маалыматтарды өз убагында жеткирип туруусун. Андан тышкары окуучулардын формасына да көңүл буруусун себеби эркин форма деп эле окуучулар абдан начар кийинип келип жатышкандыгын да эске алуусун баяндады.

Баяндамачы –түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүнүн жобосун бекитүү боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Алдашова Жылдыз өз сөзүндө буларга токтолду мектепте түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүнүн жобосун ушул кеңешмеде талкуулап бекитип алалы. Себеби мурунку түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүү үчүн түзүлгө критерийге ондоп түзөөлөрдү киргизүү зарылдыгынан улам, усулдук бирикменин жетекчилери менен биргеликте жаңы критерийди иштеп чыгышкандыгын. Андан тышкары эгерде түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүдө конфилкт комиссиясын да бектип алуубуз керек экендигин айтып түрткү берүүчү эмгек акны бөлүштүрүү үчүн иштелип чыккан критерий менен тааныштырды.

Мугалимдерге упайлар төмөндөгүдөй индикаторлор боюнча ыйгарылат.

1. Күндөлүк сабактардын план – конспектилери

Толук болсо 0,5упай
3/2 0,3
3,1 0,1
Жок болсо -0,5 упай алынат

2. Предмет аралык олимпиадаларда, спартакиадаларда, конкурстарда, мелдештерде, мектеп ичинде долбоору боюнча жетишкендиктери.

1-орун 1 упай
2-орун 0,8 упай

3-орун 0,5 упай

3. Кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча.
   Кесиптик конкурстарга катышуу.
4. Ачык сабактардын өтүлүүсү.
   1. Көрсөтмөлүү сабак (сабактын бааланышына жараша берилет) - 0,5упай
   2. Ачык сабак (сабактын бааланышына жараша берилет) - 0,3 упай
   3. Өтүлбөсө упай берилбейт

5 Класстан тышкаркы иштер боюнча.

1. Крнкурс, КВН, кече (бааланышына жараша упай берилет)
2. Коомдук ( жалпы мектептин иши, класс кабинеттерди, залдарды жасалгалоо) иштерге катышуусу.

6 Окуучулардын билим сапаты (мониторингдердин негизинде аныкталат)

7 Дептерлердин текшерилиши. *02 упай берилет*

8 Аткаруучулук тартиби

1. Чечимдин ишке ашышына ылайык белгиленген талаптарды сактайт. Кесиптик этиканын ченемдерин сактайт. Администрация жана мугалимдер менен оң мамиледе экенин көрсөтөт. Пландаштырылган иш чараларды аткарат (Административдик чаралардын жок болушу эске алынат)
2. Белгиленген талаптарды сактайт. Ар кандай чыр чатактарды конструктивдүү чече билүүнү көрсөтөт. Милдеттерди аткаруу үчүн жоопкерчиликти өзүнө чече билүүнү көрсөтөт. Милдеттерди аткаруу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат жана коюлган милдеттерди белгиленген мөөнөттөрдө аткарат. (Административдик чаралардын жок болушу эске алынат)
3. Баардык деңгээлдеги талаптарды иштеп чыгууга катышат. Бүткүл жамааттын ишинин туура билээрин көрсөтөт. Жаш мугалимдерге кесиптештерине өз милдеттерин аткарууда жардам берет. Насаатчынын беделине ээ болот. Мектептин, мектеп маданиятынын салттарын сактоого колдоо көрсөтөт, мугалимдерге колдоо көрсөтөт. (Административдик чаралардын жок болушу эске алынат)
4. Ал эми себепсиз сабак калтырса жана сабакка кечигип кирсе упайлар кемитилет.

9 Класс жетекчинин иши.

1. Класс жетекчилик иш кагаздары, тарбиялык, тарбиялык ачык сааттар өтүлсө, окуучулар менен иш алып баруусу, ата – энелерди мектепке тартуусу эсептелинет . (Тарбия завуч менен биргеликте)
   05 упай берилет
2. Класс жетекчилик иш кагаздары, тарбиялык, ачык тарбиялык сааттар толук болбосо, окуучулар менен жана ата-энелер менен иш алып баруусу орто болсо 02 упай берилет.
3. Класс жетекчилик иш кагаздары жок болсо, тарбиялык, тарбиялык ачык сааттар өтүлбөсө, окуучулар менен иш алып баруусу, ата-энелерди мектепке тартуусу начар болсо упай берилбей тургандыгын тааныштырды жана конфликт комиссиясын сунуштоону өтүндү.

4. Баяндамачы- директор Айдаркулов Рысбекке күн тартибиндеги мектеп администрациясынын жана класс жетекчилердин дежурство жүргүзүүсүнүн жобосун бекитүү боюнча төмөндөгүлөргө токтолду. Буюрса 25-январдан баштап салттуу түрдө мектептен окуп баштаганы жатабыз, буга чейинки онлайн окутуу бир топ окуу процессине терс таасирин тийгизгенин баарыбыз эле түшүнүп турабыз. Эми салттуу түрдө окуп калсак мектепте бекем тартип менен санитардык эрежелерди окуучуларга жана өзүбүз дагы сактообуз зарыл. Андан тышкаары дагы биз Мектеп администрациясынын жана класс жетекчилердин дежурство жүргүзүүсүнүн жобосун бекитип буйрук чыгарып коюшубуз керек экендигин, себеби өткөндө мектептен журналдын жоголгону туура эмес көрүнүш бул мектепте дежур мугалимдин начар иштегенинен ушундай болду деп эсептээрин билдирип жобо менен тааныштырды

**Чыгып сүйлөштү:**

1. Жунушова Айна- предметтик мугалимдер баардыгыбыз абалга жараша онлайн окуп жатканыбызга байланыштуу ачык сабактарды видео сабактарды даярдап өттүк. Видео сабактарды жасоону да үйрөндүк, эми салттуу түрдө окуп калсак бюрса жакшы эле болот деп ойлойм.
2. Сыдыкова Фатиа – онлайн сабактар билим сапатына терс таасирин тийгизбей койгон жок өзгөчө математика предметинен окуучулар кыйналышты эми салтуу окусак ачык сабактарды көбүрөөк өтүп балдарды жетиштирүүбүз керек.
3. Чолпонкул уулу Нурадил- мен ден соолугума байланыштуу ачык сабакты, видео сабак жазап өтө албай калдым буюрса жетишип ачык сабактарымды өз убагымда өтүп турам.
4. Света – Түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүнүн критерийин биз усулдук бирикменин ичинде талкуулап баарыбыз катышып түзүп чыкканбыз, мурунку түзүлгөн критерийден анча – мынча эле айырмасы бар.
5. Токторбаева Мунара –окуучулардын Ара – Көлгө баруусун ата-энелерге эскертип барыбыз айтып койбосок чын эле ал жерге туристер да келип кетишет экен алар кай жактан келгени деле белгисиз ошол себептен кооптонуу бар.
6. Сарыбаева Бүбүра- Класс жетекчилердин дежурствосунун жобосун колдойм себеби өткөндө менин классымдын класстык журналы жоголуп кетип абдан убараландым, урматту класс жетекчилер жоопкерчиликти унутпасак.
7. Бактыгулова Укенай- түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүү үчүн конфлкт комиссиясына Үмөталиева Айсалкын Кушубакова Канышай Чолпонкул уулу Нурадилди сунуштайм.
8. Жарыш сөзгө чыккан көпчүлүк мугалимдер өз ойлорун ортого салуу менен катар жогорудагы сунуштарды колдоого алышаарын билдиришти.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш токтом кылат

**ТОКТОМ**

1. 2020-2021-окуу жылынын 2-чейрегинде аткарылган иштер жакшы деп табылсын.
2. 2-чейректе тарбия иштеринин аткарылышы жакшы деп табылсын жана окуучулардын сабакка толук катыштыруу, ата-энелер менен тыгыз байланышта болуусун класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
3. Иштелип чыккан түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүнүн жобосу бекитилсин.
4. Түрткү берүүчү эмгек акыны бөлүштүрүүдө конфликт комиссиясы
   1. Үмөталиева Айсалкын
   2. Кушубакова Канышай
   3. Чолпонкул уулу Нурадил бекитилсин.
5. Мектеп администрациясынын жана класс жетекчилердин дежурствосун жүргүзүү жобосу бекитилсин.

Төрагасы: Айдаркулов Р.

Катчысы: Туратбек кызы М.

**КОЧКОР РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ К. АКНАЗАРОВ ОРТО МЕКТЕБИ**

722817, Нарын областы, Кочкор району,
Чолпон айылы Шакиралы көч. 20,
тел/мобл: 0709110861
korchubek.aknasarov@gmail.com
ИИН 02712199510735
ОКПО 20636993

**КОЧКОРСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ К. АКНАЗАРОВА**

722817, Нарынская область, Кочкорский район,
с.Чолпон ул. Шакиралы 20,
тел/мобл: 0709110861
korchubek.aknasarov@gmail.com
ИИН 02712199510735
ОКПО 20636993

16 11 2020-ж
№ 2

16-ноябрь 2020-жыл Чолпон айылы

2020-2021-окуу жылына карата өткөрүлгөн кезектеги № II педагогикалык кеңештин

## ПРОТОКОЛУ

Пед. кеңештин төрагасы: Айдаркулов Р.
Катчысы: Туратбек кызы М.

Катышкандар: 48
Чакырылгандар:-

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 2020-2021-окуу жылынын 1-чейрегинин жыйынтыктары боюнча жана окуу тарбия иштеринин абалы боюнча – окуу бөлүмүнүн башчысы: Алдашова Жылдыздын баяндамасы.
2. Класс жетекчилердин, тарбия иштеринин абалы боюнча – тарбия иштеринин уюштуруучусу Жумалы уулу Адилдин баяндамасы.
3. Башталгыч класстардын иштери (1-класстар) боюнча – Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Усупканова Светанын баяндамасы
4. Мектептин санитардык гигиеналык абалы боюнча - директор Айдаркулов Рысбектин баяндамасы

**Угулду:**

Баяндамачы – Алдашова Жылдыз өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. 1-чейректин жыйынтыгы менен окуучулардын саны 607/294 окуучу бар экендигин айтып чейрек ичинде 7 окуучу кеткендигин, кайра 11окуучу келгендигин айтып жалпы мектептин билим сапаты 46% түзгөндүгүн баяндады 1-4 –класстарда 56% 5-9-класстарда 43% 10-11-класстарда 29 % ти түзгөндүгүн да баяндап, 1-чейрек онлайн болгондугуна байланыштуу билим сапаты төмөндөп кеткендигин, окуучулар онлайн сабакка катышпай койгон учурлар болгондугун айтты. Чейректик иш кагаздарды мугалимдер толук өткөрүп бергендигин айтып өттү. План график боюнча берилген ачык сабактар дистанттык формада окутулуп жаткандыктан ачык сабактар өтүлбөгөндүгүн эми 2-чейректе ачык сабактарды онлайн формасында видео сабактар менен өтүлөөрүн эскертти. Электорндук күндөлүк менен иштөөдө айрым мугалимдер толук кандуу иштебей жаткандыгын жана электронный журналды мугалимдер толук толтурбай жаткандыгын баяндады.

Баяндамачы- Жумалы уулу Адыл өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолду. Тарбия иштер боюнча иштерди онлайн болсо дагы өз убагында жасашыбыз керек. Сабакка окуучуларды калтырбай катыштырууну урматтуу класс жетекчилер сиздер көзөмөлдөйсүнөр. Оруу, жыйуу

учурунда окуучулар ата – энелерине жардам берип үй жумуштары менен алектенип онлайн сабакка катышпай жатышты. Урматтуу класс жетекчилер сиздер ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп иш алып барышыныздар керек окуучуларды өз убагында сабакка катышуусун ата-энелер менен биргеликте иш жүргүзүүбүз керек. Үч тараптуу келишимди дагы толук бүтүрө элексиздер келишимди бүтүрүнүнүздөр. Ата – энелер менен байланышууда окуучулардын көчөгө көп чыкпоосун түшүндүрүүсүн айтты.

Баяндамачы - Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Усупканова Света төмөндөгүлөргө токтолду. Өлкөдөгү кырдаалга байлагыштуу 1-класстын окуучуларынан башкабыз дистанттык формада сабак өтүп жаттык, андан тышкары теле сабактарды да окуучулар үзгүлтүксүз көрүшүп кайтарым байланыш тыгыз жүргүзүлүп жаткандыгын жана биринчи класстардын окуучулары алгоритмге ылайык эки группага бөлүнүп сабак өтүп жаткандыгын баяндады.

Баяндамачы- директор Айдаркулов Рысбекке күн тартибиндеги мектептин санитардык гигиеналык абалы боюнча: Мектепке мамлекет тарабынан жетиштүү көлөмдө антисептик, суюк самын, дарожка берилген, убагында тех кызматкерлер класстын ичин тазалап жатышат. Биз мугалимдер дагы санитардык эрежелерди так сактообуз керек, ар бирибиз аралыкты сактоо менен класс кабинеттерге кирип сабактарыбызды дистанттык форма менен калтырбай өтүүсүн айтып өттү.

**Чыгып сүйлөштү:**

1. Сатарова Гулира- предметтик мугалимдер электрондук күндөлүк менен иштөөдө башында кыйынчылыктар боло турган болсо азыр жалпы эле мугалимдер өздөштүрүп калгандыгын айтып өттү.
2. Жумабаева Элла – электрондук күндөлүк чынында жашы жогорулап калган мугалимдерге үйрөнүү кыйла кыйынчылыкты жаратканын бирок үйрөнсө болоорун айтып өттү.
3. Сатыбалдиева Гулнур- Дистанттык окутууда балдар электрондук күндөлүккө кирбей коюп жаткандыгын айтып өттү.
4. Сыдыкова Фатима – окуучулар ата-энелери менен чогу коншу айылдарга акчага картошка терип кетип калып сабакка кирбей коюп жаткандыгын айтып өттү.
5. Сарбаева Бүбира – антисептик жана башка санитардык эрежелерди сактоочу каражаттарды убагында завхоз берип турса жакшы болоорун айтты.
6. Жарыш сөзгө чыккан көпчүлүк мугалимдер өз ойлорун ортого салуу менен катар жогорудагы сунуштарды колдоого алышаарын билдиришти.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш токтом кылат

**ТОКТОМ**

1. 2020-2021-окуу жылынын 1-чейрегинде аткарылган иштер жакшы деп табылсын.
2. 1-чейректе тарбия иштеринин аткарылышы жакшы деп табылсын жана окуучулардын сабакка толук катыштыруу класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
3. Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин мугалимдеринин алпарган иштери жакшы деп табылсын.
4. Мектепте санитардык тазалоолорду убагы менен жүргүзүп турууга көзөмөл салууга мектептин завхозу Алыбаев Сабитке милдеттендирилсин.

Төрагасы: Айдаркулов Р.

Катчысы: Туратбек кызы М.